# ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫ ЫЙМАНДУУЛУККА ТАРБИЯЛООНУН МААНИСИ

**Асанбекова О., Кыркаякова К.**
*Асанбекова О. - С.Нааматов атындагы НМУнун Мугалимдердин билимин жогорулатуу борбору, Нарын ш.*
*Кыркаякова К. - С.Нааматов атындагы НМУнун Мугалимдердин билимин жогорулатуу борбору, Нарын ш.*

***Аннотация*** *Бул макалада окуучуларды тарбиялоодо оозеки чыгармаларды окутуудагы кыргыздын каада-салты, адеп-ахлахтары тууралуу баяндалат. Балдарды ыймандуулукка, адептүүлүккө тарбиялоого үндөйт. Бул макаланы орто мектептерде класстык сааттарда пайдаланса болот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *кыргыз эл, адеп- ахлах , ыйман, үй бүлө, тарбия, санат, үлгү, насыят, каада- салт, макал-лакап, нуска, ак калпак, пейил, ата-баба, нарк.*

Балдарды адеп-ахлакка тарбиялоодо биздин улуттук баалуулуктарыбыз болгон рухий дөөлөттөрүбүз абдан маанилүү. Белгилей кетсек: “Манас” эпосу, Тармактык эпостор: “Кожожаш”, “Курманбек”, “Олжобай менен Кишимжан”, санжыра, макал-лакаптар, комуз күүлөрү, ыр, жамак, акын- ырчылар, саяпкер-мүнүшкөрлөр. Ата-бабаларыбыздын оозеки чыгармаларында адеп-ахлак боюнча абдан таамай айтылып келген. Ар бир баскан изи, сүйлөгөн сөздөрү тарбияга багытталган.

Таалим-тарбия системасында төмөнкүлөрдү белгилешкен:

- Жер эне – адамзат балдарынын жалпы үйү.
- Ата- журт – адамдын жападан жалгыз мекени.
- Үй- бүлө – адамдын очогу жана тиреги.
- Океандай “Манас” улуттук тил, музыка жана элдик оюндар тарбиянын соолбос кенчи.
- Адам – эң жогорку асыл нарк.
- Ата- бабаларыбыз түзгөн улуу моралдык кодекс – тарбия-таалимдин гүл азыгы.

Биздин рухий-адептик дөөлөттөрүбүз:

- Жаран тарбиясы
- Ата- эне тарбиясы
- Тууган тарбиясы
- Эл тарбиясы
- Адептик дөөлөттөр

Жогоруда белгилегендей ата-бабаларыбыздын кылган иштери, сүйлөгөн сөздөрү абдан нарктуу болуп келген.

Кыргыз эзелтеден ар-намысты бийик туткан эл болгон. Ар-намыс – бул абройду, наамды таза, бийик тутуу, ага шек келтирбөө. Кыргыздын ар-намысы улам кийинки муундарына тарбия аркылуу берилип, кыргыз атына татыктуу болуусуна эң бир күчтүү талап катары бааланып келген. Биздин оозеки чыгармаларыбызда айтылгандай кыргыз баласы уруусуна, жашаган аймагына, кылган кызматына карабай, ар бири намыска бек, элдин биримдигин, жердин бүтүндүгүн сакташкан. Эс кирген баладан тартып карыларга чейин кыргыздар намыс үчүн өлүмгө даяр турганы баарыбызга маалым. Ар-намыс сыяктуу асыл сапаттарга жетип, аны баалуулук катары ыйык тутуп, кыргыздар күчтүү, кубаттуу жана бирдиктүү эл катары дүйнөгө таанылган.

Бүгүн баалуу нерсе баасыз болуп, баасыз нерсе баалуу болуп турган кезде кыргызды өзүнүн түпкүлүктүү асыл баалуулуктарына келтириш үчүн биримдикке ыймандуулукка үндөө керек. Кыргыздын жашоосунда элине кам көрүү, Мекенин коргоо, билимди баалоо, сөз багуу сыяктуу сапаттарыбызды кармап келгендиги үчүн кыргыздын үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган Айкөл Манас чыккан, билимдин кенчин тапкан Жусуп Баласагын чыккан, келечекти таамай айткан олуялар, багыт таап жол көрсөткөн акелер, элибиз үчүн жанын аябаган баатырларыбыз, көйгөйлөрдү чече билген көсөмдөрүбүз, өсүп-өнүгүүгө багыт тапкан билгилерибиз чыккан. Биздин залкарларыбыз белгилеп кеткендей бүгүнкү күндө балдарыбызды тарбиялоодо биздин баалуулуктарыбызды билдирүү зарыл.

Элимдин ак калпакчан пейли кенен,
Мактанам кыргыз деген аты менен,

Илгертен жашап келген ата бабам,
Комузун белек кылып бизге берген.
Белегин бабалардын биз унутпай,
Кылдарын каректердей сактайлычы,
Ээрчишип комуз менен кошо келген,
Кыргыз деген атыбызды барктайлычы.
Кыргызым мына бүгүн мыйзам алдың,
Унутпай өз тилиңди сактап калдың,
Эскирип бара жаткан бабалардын,
Салттарын кайра баштан эске салдың.

Бул ыр сабында айтылгандай илгертен жашап келген ата-бабаларыбыз өздөрүнүн кубанычын, сүйүүсүн, көйгөйлөрүн кол ойнотуп ойногон комузу менен чагылдырып келишкен. Ак калпактай дили таза, пейли кенен айкөл бабалардын каада-салтын, өнөрүн, дилин, тилин сактап, коомдун рухий саламатчылыгын, ыймандын жакшыртуу максатында кылымдарды карыткан бабаларыбыздын үзүрлүү жолу менен тарбия берүү үчүн ыйман сабагынын мектептерге киргизилиши бүгүнкү күндүн эң олуттуу маселелеринин бири болуп калды. Себеби абаны жарып, тоону жаңырткан бабалардын күүлөрүндө чагылдырылгандай, байыртан жашаган элибиздин жашап өткөн эң татаал жолу, турмуштун ар кандай оош кыйыштарына чыдап сабыр кылуусу, бири-бирине жасаган кайрымдуулугу, айкөлдүгү, алрдын жеңишке умтулуусуна өбөлгө түзгөн. Ошол күндөн ушул күнгө чейин комуз менен кошо ээрчишип анын бүткүл тарыхын чагылдырып келген күүлөрдүн кайрадан жаңырып урпактардын жүрөгүндө орун алышы бабалардын жолу менен тарбия алуусуна жакшы жол таап бериши абзел, айкөл кыргыз атынын бүгүнкү күнгө чейин жашап келүүсү айтып бүткүс дастан. «Ыйман» программасынын киргизилиши менен дагы чечен тилибиздин сакталып калышы, анын баркталышы, эскирип бара жаткан каада-салтттардын, адеп-ахлактардын, үрп-адаттардын жаңырышы ыйман тарбиясынын эң жакшы көпүрөсү.

Ар бир адам коомдо өзүн алып жүрүү маданиятын, курчап турган адамдар менен туура мамиле түзүүнү үйрөтөт. Адеп-ахлактык нормаларга чынчылдык, акыйкатык, айкөлдүк, жоопкерчилдик, абийирдүүлүк, уяттуулук, гумандуулук, тартиптүүлүк улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо, эмгектенүүнү, сүйүүнү жана ошондой эле патриоттуулук, Ата мекендин негизги белгилерин сыйлоо, законду улукту сактоо, граждандык милдетти так аткаруу, кайрымдуулук жана башка ушул сыяктуу түшүнүктөр кирет:

Адеп-ахлактык тарбиянын чечүүчү негизги маселелери төмөнкүлөр:

- адеп-ахлактык аң сезимди калыптоо;
- кыргыз элинин көөнөргүс адамдык баалуулуктарын калыптоо;
- коомдо өзүн алып жүрүүнүн негизги жоболорун тааныштыруу менен бирге, аларды адатка айландыруу;
- адамзаттын адамдык баалуулуктарын үйрөнүү менен бирге аларды өзүнүн негизги мүнөзүнө айландыруу;
- граждандык патриоттуулукка тарбиялоо.

Коомдун ар бир жаш мууну адептүү тарбияланган учурда гана тарбиялоонун негизги максаты иш жүзүнө ашканын билүүгө болот. Дидактика гректердин [“didacticos”]-«үлгү», «сабак болорлук» деген сөзүнөн алынган [1]. Аталышы көрсөтүп тургандай эле адамды адамгерчиликке, ыймандуулукка, адеп- ахлакка үндөгөн акыл- насыят түрүндөгү чыгармалар жатат. Кыргыз фольклорунда башка элдерде анча учурай бербеген санат-насыят, терме, үлгү, үгүт, нуска сыяктуу аталыштары башка-башка болгону менен ички мазмуну, сырткы түзүлүшү бири- биринен анча айырмаланбаган үлгүлөрү кездешет. Дүйнө элдеринин фольклорунда терең орун алган макал-ылакап, табышмак, тамсил жанрлары дидактикалык текке кирет. Чындыгында аталган жанрлардын ички мазмунунда дидактикалык тектин негизги белгилеринин бири адамды ыймандуулукка, адеп-ахлактуулукка, адамгерчиликке, акылмандыкка, терең ойлонгон тапкычтыкка тарбиялоо. Кыргыздын нагыз дидактикалык поэзиялары, санат, насыят, терме, үлгү, үгүт нускалар менен тектеши да ырастайт. Үгүт ырларында эрдикке (патриоттуулукка), адамгерчиликке, эмгекке үндөөлөр болуп саналат. «Курманбек» эпосунда эрдикке мындайча үндөйт:

Жалындуу элдин белгиси,
Жалтанбай тосот жоо бетин
Касташкан душман көп экен
Калкалайлы жоо бетин.

Кыргыз оозеки чыгармаларында дидактикалык текке жаткан санат- насыят, терме, үлгү, үгүт, макал-ылакап, табышмак, тамсилдер адамды ыймандуулукка, адеп- ахлакка, жалпы эле адамгерчиликке, акылдуулукка, байкагыч тапкычтыкка үндөө тарбиялоо менен идеялык мазмун жагынан өз ара бирдикти түзүп, тарбиялык мааниси зор болуп, эстетикалык күчүн жоготпостон жашоосун улантууда. Ата-эне, мугалим, жалпы коомчулук балдарыбыз тарбиялуу болсун деп аракет жасайбыз, бирок натыйжа эң начар, барган сайын ата-энени сыйлоо азаюуда, аракечтик, уурулук, паракордук д.у.с. көрүнүштөр көбөйүүдө. Эң биринчиден биздин берип жаткан тарбия супсак, маанисиз тарбия.

Бүгүнкү күндө тарбия берүү системасы бүтүндөй тарбиялык мааниси бар адабиятыбыздан, макал-ылакаптарыбыздан, эпостордон, элдик чыгармалардан алынышы жакшы натыйжа берет десек жаңылышпайбыз [1, 214].

Мисалы, баатырдык эпостордон баштап легендаларда, уламыштарда, дастандарда, макал-лакаптарда, санат-насыят, термелерде дайыма патриотизмдин духу жаңырган. Патриоттуулуктун чеги эл үчүн кашык канын, тирүү жанын, керек болсо өз денесин курмандыкка чалууга даяр турганы- Манас, Семетей, Курманбек, Эр Төштүк, Эр Табылды, Жаныш, Байыш, Жаңыл Мырза сыяктуу баатырлардын жекече курмандыгы күбө болот. Чыныгы жакшы тарбия берели десек балдарыбызга жашоодо керек боло турган чыныгы жолду көрсөтүшүбүз керек. Адам болгондон кийин анын бүт өмүрү адамдар менен аралашып алакада болуп, туугандашып жашайт. Бирок мындай жашоо ар бир адамдан көптөгөн инсандык сапаттарды, жоопкердүүлүктү, адеп-ахлактык түшүнүктөрдү, эрежелерди талап кылат. Адамдар менен шайкеш жашоо үчүн биирнчи кезекте аларды сыйлай билүү, алардын укугун баспай, зыян келтирбей, зулумдук жасабай жашаганды билиш керек. Мунун баарын билиш үчүн диний, коомдук, үй-бүлөлүк, мектептик тарбия зарыл. Биз балдарыбызга ата-энеге, Кудайга, бардык ага жакшылык жасагандарга, мекенине, элине, бир туугандарына кайрымдуу болууну, мындайча айтканда жакшылыктарына жакшылык менен жооп берүүнү үйрөтүшүбүз керек. Көптөгөн адамдар эч ким ага жакшылык кылбагандай сезип, эч кимге жакшылык кылгысы келбейт, себеби анын акылы, тарбиясы, түшүнүгү бирөөлөрдүн ага жасаган жакшылыктарын сездирбейт да билдирбейт.

Албетте ал бир туугандарынын мээнетин да билбейт, тегеректегилердин ага камкордук, мээримдүүлүк кылганын да билбейт. Ошон үчүн ал өзү жөнүндө гана ойлойт. Мындай кыска ойлуулуктан сакташ үчүн биз балдарыбызга жакшылык кайдан келерин дайыма айтып турушубуз керек, Балдарыбыз кимге эң биринчи кезекте кайрым кылышы керек экендигин билүүсү зарыл.

Биз балдарыбызды денеси менен напсисин тыйып жүрүүнү үйрөтүшүбүз керек, себеби дене менен напси тойбой, каниеттенбей турган болсо, ал башка бирөөлөрдүн малына, аялдарына, үй-бүлөсүнө кол салуудан баш тартпайт.

Биз балдарыбызды коомдун ичинде адилеттүү болууга тарбиялашыбыз керек.

Көп адамдар айкөлдүк сапатка ээ болбогон себептен бир кичинекей ката же күнөөсү үчүн туугандыктан кечип коюшат. Чыныгы улук адамдар болсо айкөлдүккө ээ болгон, атүгүл душмандарына да кечиримдүү болушкан. Мисалга алсак: арстан жүрөктүк, кечиримдүүлүк Манаста да, биздин элде да болгон жана азыр да бар. Душманды кечирип, аны тууган кылып алуу ар кимдин колунан келе бербейт. Бытырап майда болбогон бир себеп, ката үчүн тынбаган чыр, ошол себептен көп жылдык араздашуу, согушка чейин жеткирген көп адамдар, улуттар бар.

«Манаста», башка эпостордо да биздин элдин айкөлдүгү жөнүндө айтылат.

Акыркы жылдарда мектептердин, билимдин жалпы абалында, мугалимдин социалдык турпатында сапаттык өзгөрүүлөр байкалбайт, тескерисинче терс көрүнүштөр жан кейитет.

Тилекке каршы жаңы кыргыз мамлекетинин келечек максатына ылайык келген инсанды бүгүнкү мектеп калыптандыра албай жатат. Өзгөчө рухсуздук күчөөдө. [3] Кыргыз Республикасынын жана Казахстан мамлекетинин эл акыны Мухтар Шаханов рухсуздук кесепети «жарты адамдарды» каптаганына кейип жатпайбы:

«Заманана куйкалайбы рухсуздук аптабы,
Улуу ыйык жерибизди жарты адамдар каптады
Кайда барсаң көз алдыңда үлгү болуп жаркылдаар,
Жарты устаттар, жарты башчы, жарты кыздар, жарты уулдар»

Кыргыз Республикасынын белгилүү окумуштуулары, академиктер А. Какеев, В. Плоских, профессор Б. Садыков коомдогу жарты адамдардын көбөйүп кетишин «рухсуз билимдин зыяндуулугу, демек, ар-намыс, уят, адептүүлүк, кайрымдуулук, ызаттуулук, улууну сыйлоо сыяктуу касиеттерге жеткиликтүү көңүл бөлүнбөгөндүгү» менен түшүндүрүшөт. Демек, мектеп- коом алдындагы социалдык- рухий милдетин аткара албай жатат. XXI кылымда болсо билимдүүлүк, ма-

даниятtуулук, адептик, интеллектуалдык сапаттар цивилизациялык өнүгүүнүн пайдубалын түзөт. Бул сапаттар чыгыш цивилизацияларына тиешелүү. Ошондуктан адамзат өз келечегин рухий адеп-ыймандык баалуулуктар менен байланыштырып жатканынын да терең себептери бар.

Демек жаңы XXI кылымдын талабына жооп бере турган жаңы мектепти түптөө жана ар тараптан өркүндөтүү көн тартибине коюлууда. Жаңы мектеп, жаңы адамды калыптандыруу, окутуу жана тарбиялоо тапшырмалары ийгиликтүү чыгармачылык менен аткарылып, бул иш чара мугалим менен түздөн-түз байланыш керек. Ошондуктан мугалим жаңы доордун, жаңы шартында зор социалдык күч боюнча кала берет [2, 2003, 31].

Биз өзүбүздүн эне тилибиз аркылуу жаңы замандын муундарына жогорудагы айтылган элибиздин тарыхын, адабиятын, каада-салтын, үрп-адатын берүү менен ыйман тарбиясын бере алабыз.

Ыйман эмне – бул жашоонун күзгүсү,
Адеп эмне – ал ыймандын түрткүсү,
Сабырдуулук, кайрымдуулук сапаты,
Келе турган келечектин үлгүсү.

**Колдонулган адабияттар**


1. Артыкбаев К. Кыргыз адабиятынын тарыхы. –Бишкек, 1982.
2. Кут билим. № 3, 4, 31, 2003;
3. Теңир Тоо. № 23, 2001;


***Рецензент: п.и.к., доцент Ж.Б.Эгимбаева, С.Нааматов атындагы НМУ.***